Ведомстволор аралык диссертациялык кеңеш Д. 10.03.228

Кол жазма укугунда
УДК 894.341

**БЕЙШЕЕВА ЖЫРГАЛ ЖУСУПБЕКОВНА**

# ЖАЛИЛ САДЫКОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ

Адистиги 10.01.01. - Кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
авторефераты

Бишкек - 2004

Диссертация Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын илим жана техника жагындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Жусуп Баласагын атындагы сыйлыктын лауреаты, филология илимдеринин доктору, профессор **К. АРТЫКБАЕВ**

**Официалдуу оппоненттер:** Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, КРИУА корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор **А. САДЫКОВ**

филология илимдеринин кандидаты, **В. АКМАТОВА**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин кыргыз адабияты кафедрасы

Диссертация 2004-жылдын____________________саат______. Кыргыз мамлекеттик Улуттук университетине жана Илимдер Улуттук Академиясынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборуна караштуу филология илимдеринин диссертацияларды коргоо боюнча Д 10.03.228. Ведомстволор аралык Диссертациялык кеңештин жыйынында жакталат.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 "А"

Диссертация менен Кыргыз Мамлекеттик улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Авторефераат 2004-жылдын______________жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **А.Кадырмамбетова**

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

Теманын актуалдуулугу: Эл акыны Ж.Садыков кыргыз адабиятында көркөм сөз чебери катары белгилүү. Ал жеке чыгармачылыгында өзүнүн калемине таандык оригиналдуулугу менен поэзияда жана драматургияда өз жүзүн көрсөтө алды.

Ж.Садыковдун кыргыз поэзиясындагы ойчулдугу, устаттыгы жөнүндө калемдештери, адис сынчылар, изилдөөчүлөр буга чейин ездөрүнүн айрым байкоолорун айтып келишти.

Алсак, К.Асаналиевдин "Акындын портрети"[1], К.Артыкбаевдин "Мазмундуу чыгармачылык"[2], С.Эралиевдин "Акындын асыл дүйнөсү"[3], А.Абдыразаковдун "Драматургияда акындын образын түзүүнүн поэтикасы"[4], жаңыдан окурмандардын колуна тийген "Кыргыз адабиятынын тарыхынын" VII томунда (315-345-бетке чейин) К.Артыкбаев тарабынан Ж.Садыковдун портретгик главасы киргизилип, бул багытта айрым иликтөөлөр болгондугун ырастайт. Аталган эмгектердин айрымдарында акын-драматургдун чыгармачылыгын учур талабына ылайык камтыган илимий деңгээли бар айрым иликтөөлөр да болгондугун көрсөтөт. Маселен жогоруда аталган эмгектердин ичинен К.Артыкбаев тарабынан жазылган Ж.Садыковдун портреттик главасында калемгердин айрым лирикасына, эпикалык чыгармаларына жана "Манас" эпосунун үчилтиги боюнча иштелип чыккан драмалары жөнүндө кененирээк сөз болгонун айтпай кетүүгө болбойт. Ал эми С.Калчаеванын "Эпостук мотивдердин кыргыз драматургиясындагы идеялык-көркөмдүк иштелиши" аттуу изилдөөсүндө Ж.Садыковдун Манас эпосунун үчилтигине арналып жазылган драмалары жөнүндө иликтөөлөр жүргүзүлгөндүгүн эскерте кетели. Мындан тышкары мезгилдүү басма сөздө жарык көргөн бир катар макалалар акын-драматургдун юбилейине арналуу менен негизинен Ж.Садыковдун чыгармачылык ийгиликтери тууралуу жалпы маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк түздү.

Ыр китептери жана драмалык чыгармалары жөнүндөгү рецензияларда, обзордук кээ бир макалаларда пикирлер, ойлор айтылып келди. Алардын көпчүлүгүндө туура пикирлер, туура байкоолор болгондугун, ошондой эле айрым бир талаштуу көз караштардын айтылганы белгилүү. Ал эми ошонун бардыгы жөнүндө мүмкүнчүлүктүн жетишинче өз көз карашыбызга ылайык диссертацияда Ж.Садыковдун

[1] Асаналиев К. Акындын портрети // Кырг. маданияты. - 1985. - 22-нояб.
[2] Артыкбаев К. Мазмундуу чыгармачылык // Сов. Кыргызстан. - 1982. - 4-апр.
[3] Эралиев С. Акындын асыл дүйнөсү // Кырг. маданияты. - 1982. - 21-окт.
[4] Абдыразаков А. Драматургияда акындын образын түзүүнүн поэтикасы // Эл агартуу. - 1990. - №6. - 6-б.

жалпы чыгармачылыгын иликтөөгө алышыбызга түрткү болду.

Бирок, Ж.Садыковдун чыгармачылыгынын бардык тарабы ушул макалаларда, рецензияларда толук иликтенип айтылып калды деп эч ким соз козгой албас эле, анткени буга чейин анын чыгармачылыгы тууралуу адабият таануу илимибизде системалуу өз алдынча кеңири изилдөө жүргүзүлгөн да жок. Ж. Садыковдун өткөн бабалардын духун, санжыра, тарыхын, салтын, бай мурасын жакшы билгендиги, анын доорго, коомго, эл тагдырына өткүр ой жүгүртүүсү, тарыхый чыгармаларды жазуудагы чеберчилиги, жаңы табылгалары кеңири изилдөөлөргө өтө муктаж. Ушунун өзү эле теманын актуалдуулугун толук айгинелей алмакчы.

**Изилдөөнүн объектиси жана методологиялык негиздери** катары акын, драматургдун лирикалык, эпикалык поэзиясы жана драмалык чыгармалары алынды. Чыныгы поэзиянын нукура касиеттерин туура түшүнүү үчүн орус поэзиясын изилдеген бир катар көрүнүктүү илимпоз адабиятчылардын эмгектери, бөтөнчө кыргыз поэзиясынын өнүгүшү үчүн андагы белгилүү акындардын чыгармачылыгынын өзгөчөлүктөрүн иликтеген кыргыз адабиятчы илимпоздорунун изиддөөлөрү, ошондой эле айрым алдыңкы көз караштагы философтордун, тарыхчылардын поэзиянын эстетикалык табиятын түшүнүүгө көмөк бере турган ой жүгүртүүлөрү, пикирлери, тарыхый маалыматтары диссертациянын жазылышына көп жагынан методологиялык туура багытты берди. Сынчы, адабиятчылар К.Артыкбаев, К.Асаналиев, Т.Аскаров, А.Садыков, С.Жигатов, К.Даутов, О.Ибраимов, А.Эркебаев, С.Байгазиев сыяктуу авторлордун сын китептеери менен адабий изилдөөтөрү көп жагынан көмөк болду.

**Диссертациянын максаты жана милдеттери**

Кыргыз адабиятынын өнүгүү жана калыптануу процессинин жүрүшүндө Ж.Садыковдун чыгармаларынын кошкон салымын жана ордун белгилөө изилдөөнүн негизги максаты болуп эсептелет. Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү милдеттер алдыга коюлду:

- Акындын лирикалык жана эпикалык поэзиясына мүнөздүү айрым идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
- драмалык чыгармаларында тарыхый инсандардын көркөм образдарын жаратуудагы чеберчилигин талдоого алуу;
- элдик эпостук мотивдердин Ж.Садыковдун драмалык чыгармаларынан орун алышын иликтөө;
- акын, драматургдун чыгармачылыгынын кыргыз адабиятындагы ордун белгилөө.

**Иштин илимий жаңылыгы:** Диссертация толук максатына жетиш үчүн кандайдыр бир деңгээлде илимий жаңылыгы болушу керек экендиги белгилүү.

Ж.Садыковдун поэзиясына мүнөздүү идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрдү белгилөө, жаңычылдыгын ачып берүү жана өзгочө 90-жылдарда жазылган драмалары боюнча илимий-иликтөө жүргүзүү - диссертациялык иштин илимий жаңылыктарынын негизин түзөт.

**Иштин практикалык мааниси.** Ж.Садыковдун чыгармалары орто мектептерде, өзгөчө жогорку окуу жайларында кийинки жылдары окутула башталды, ушуга байланыштуу бул изилдөөлөрүбүз мектеп мугалимдерине, мектеп окуучуларына жана жогорку окуу жайынын окутуучулары, аспиранттары жана студенттери үчүн керектүү материал катары, тагыраак айтканда жогорку окуу жайларынын окутуучулары окутуп келаткан "XX кыдымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы" деген чоң лекциялык курска салмактуу кошумча болоору талашсыз чындык. Жалил Садыковдун чыгармачылыгына кызыккан көптөгөн окурмандардын түшүнүгүн баиытууга тиешелүү кызмат аткармакчы. Экинчиден, жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн атайын адистештирилген курс катары керектүү учурда бул диссертациялык иштин белгилүү өлчөмдө салымы болору да талашсыз.

**Иштин апробацияланышы**

Диссертацияда айтылган ойлор, корутундулар КУУнун "Вестник" журналынын серияларында, Илимдер Улуттук Академиясынан чыгарылган жыйнакта жана Труды института целевой подготовки специалистов деген илимий жыйнакта жарык көргөн.

Иш кыргыз адабияты кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланып, жактырылып, коргоого сунуш кылынды.

**Диссертациянын структурасы.** Диссертация киришүүдөн, эки главадан, коругундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## Изилдөөнүн мазмуну

**Киришүүдө** Ж.Садыковдун чыгармачылыгынын изилдениш абалы, теманын актуалдуулугун негиздөө, аны изилдөөнүн максаттары жана милдеттери, теориялык жана практикалык мааниси, ошондой эле, методологиялык базасы кепке алынат.

**I главада** Ж.Садыковдун поэзиясындагы идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз болот.

Ж.Садыков эчактан эле кыргыз элине өткөрө таанымал болгон эң көрүнүктүү акындардын бири. Анын поэзиясы бүткүл элге жагымдуу, сүйүктүү болгону талашсыз чындык. Ал адегенде чебер ойчул акын катары таанылган. XX кылымдын 60-70-жж. кыргыз поэзиясында айрым акындар кыргыз ыр түзүлүш системасына уйкашсыз эркин ыр түрүндвгү ыр курулуштарын алып келүү менен традициялуу ыр түзүлүшүбүзгө кандайдыр бир жаңылыктарды киргизүү аракеттерин жүзөгө ашырабыз деп жаткан кезде Ж.Садыков мындай уйкашсыз эркин ыр түзүлүшүндөгү ырларды жазууга умтулбай эле, кадимки эле традициялуу ыр түзүлүштү андан ары өркүндөтүп, көбүнчө өзүнүн поэтикалык чыгармаларын жаңы ойлор, жаңы көз караштар, жаны көркөмдүк табылгалар менен байытуу багытында өтө жемиштүү иштеди. Албетте, Ж.Садыковдун поэзиясынын бардык өзгөчөлүктөрүн бир эле изилдөө ишинде бүт бойдон ачып берүү өтө татаал иш, ошондуктан ал келечекте дагы улантыла бермекчи. Ошондой болгондон кийин диссертацияда негизинен акындын үч багытта жазылган ырларынын идеялык-көркөмдүк озгечөлүкторү жөнүндө гана иликтөө жүргүзүүнү ылайык көрдүк жана ушул аракеттердин өзүнөн эле Ж.Садыковдун жалпы поэтикалык изденүүлөрүндөгү поэтикалык өзгөчөлүктөрүн анча-мынча болсо да байкоого болот деп эсептейбиз.

Алды менен иште акындын байыртадан бери эле айтылып, жазылып бүтпөй келаткан махабат темасындагы ырларынын өзгөчөлүктөрү талдоого алынды. Ж.Садыковдун махабат лирикасы бир жылт этип өчүп калчу келди-кетти сезимдерден кокус жаралган ырлар эмес, ар бир адамдын тагдыры менен биографиясына чындап түбөлүккө кирип, өмүр бою кошо жашап өткөн асылкеч жароокерим деген акындын урмат-сыйы, аео сезими, ага багышталган арзуу тилегинен жаралган өзүнчө бир терен сырдуу ыр дүйнө, ички биримдиги бар чыгармалар. Аларга "Ашык боло баштадым", "Унутпассың", "Өтчү болдум көчөңдөн", "Өтүнүч", "Өтүмсүздүк" ж.б. көптөгөн ырлары кирет. Махабат сезиминин ар тарабын элестеткен бир катар "Жүрөк эңсейт", "Жалгыз сенсиң", "Сүрөтүнө", "Жалжалымсың, жалжалым", "Айттырбай билер болсоңчу", "Суйөмүн моокум канбастан", "Автобуста баратып" деген сыяктуу жүрөк кылын козгогон көптөгөн лирикаларына обондор жазылып, алар элдин сүймөнчүлүгүнө айланды десек жанылышпайбыз, алардын арасынан элдик ырга айланып кеткендери да аз эмес.

Ж.Садыковдун башкалардан айырмалуу жакшы касиети - ал ашыктык мамилесине шайыр оптимисттик көз-караштa мамиле кылат. Аны эр азаматтын акыбалына сейрек туш келчу бакыт, терен адамдык мээрим, өмүргө ынтызар кылып шыктанткан зор күч катары санайт.

Махабат темасындагы ырлардын ичинен акындын "Автобуста баратып" (1961) деген ыры маанилүү орунду ээлейт. Бул ырга мыкты обон чыгарылып, бүгүнкүгө чейин ооздон түшпөй эл ичинде ырдалып келе жатат. Обону да мазмунуна топ келип, ийгиликтүү чыкканынан улам уккан адам назик сезимге болонот. XX кылымдын өзгөчө экинчи жарымында адамдардын турмушунда транспорт негизги ролду ойной баштаганы белгилүү. Мында лирикалык каармандын автобуста баратып жанаша туруп калган бейтааныш селкиге ашык болгон абалы өтө эле жеткиликтүү чагылдырылган. Ырдын мазмуну менен көркөмдүгүн арттырып турган белгилердин бири - күндөлүк турмушта кездешүүчү психологиялык чындыктын көрүнүшү чебер сүрөттөлөт.

Эл шыкалган автобуста баратып "Капысынан колдор колду кармашып" кеткенде ыймандуу бейтааныш жигит билмексен болгону менен "андай чакта оттук чачып жүрөктор" толкунданып, жаштыктын ажайып дүйнөсүндө термелет.

Көз арбалса көңүл жипсиз байланып,
Көөдөнүмдө, Чолпон жанып, Ай жанып.
Ошол бойдон токтобосо автобус,
Жердин үстүн чыккым келет айланып.[1]

Транспортто сулуу кызга жанаша бара жаткан жигиттин сезимин чагылдыруу идеясы абдан орундуу көрсөтүлгөн. Ошол 60-жылдары кыргыз жаштарынын арасынан бүгүнкү кундөгүдөй ачыктык, бүгүнкү күндөгүдөй сезимин түз айтуу, ачык билдирүү өтө сейрек кездешкен. Ал мезгилдерде сабырдуулук, ыймандуулук мамилеси күчтүү орун ала турган. Ошол учурдагы жаштарга мүнөздүү болгон ички махабатын билдирүү ушундай таза, бийик деңгээлде чагылдырылган. Жада калса "Ошол бойдон токтобосо автобус, жердин үстүн чыккым келет айланып" - деп бейтааныш сулуудан ажырагысы келбеген жигиттин ички сезими күчтүүдө, таза да.

Бул поэтикалык күчтүү сезим башка айрым кыргыз акындарынын да делебесин козгоп, ушундай эле мазмундагы ырлардын жаралышына Ж.Садыковдун жогорку ыры түрткү болгон. Кыргыз элинин белгилүү акыны Э.Ибраев Ж.Садыковдун жогорку ырынын мазмунун улап "Жигит болсом" деген ыр жазган. Акын аталган ырын 1985-жылы чыккан "Мөмөлүү дарак" ыр жыйнагына киргизген жана ырына "Жалил Садыковду туурап" - деп, атайын эскертүү да берген. Мында лирикалык каарман аялдамада автобус күтүп турган татынакай кызга көнүлү түшүп калганы баяндалат.

Бүт автобус кетсе дагы кур айдап,
Менде такыр болмок эмес мунаймак.
Жигит болсом мындай кыздын жанында,

1 Садыков Ж. Топ жылдыздар. - Ф.: Кыргызстан, 1973. - 120-б.

Бүт жер шарын кыдырмакмын жынайлак.[1]

Ушундай эле үндөш мазмун таланттуу акындарыбызыдын бири С.Эралиевдин "Сен олтурган автобус" (1985) деген ырында да кездешет. Аталган ырда да лирикалык каарман он тогуз жашар кызга жанаша отуруп калат. Бейтааныш сулуу сезимге от жагат, автобустун жүрүшүндө ийиндери тийишип, лирикалык каарман ашыктыктын ажайып дүйнөсүнө бөлөнөт.

Бир тилегим автобус,
Жердин чеги түтөнүп,
Бүтмөйүнчө түбөлүк,
Болсо деймин токтогус[2] - деген тилегин билдирет.

Э.Ибраев, С.Эралиев жогорку ырларында Ж.Садыковдун "Автобуста баратып" ырындагы ойду, ички сезимдеги психологиялык абалды андан ары бекемдеп, толуктоого аракет кылышат. Алар турмушта кездешүүчү ар бир пенде кабылчу турмуш чындыгын ырга салышкан. Дегинкиси үчөөндө тең бирдей идея бар, ар башка кырдаалда жаңдуу сүрөт катары тартылат. Транспортто, күндөлүк турмушубузда көп кездешкен ар кандай көрүнүштөрдөн турмуштук кокустуктан жылт эткен сезимдердин пайда болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Үч акын бул жерде турмушубуздун бир чындыгын көркөм туундуга айлантуу менен, окуган адамга эстетикалык таасир бере турган чыгарма жаратууга жетишишкен. Ж.Садыковдун аталган ыры көркөм наркы жагынан бир топ жогорку деңгээлде турат. Бул жагын бөлүп айтпаган күнцө да профессионал кыргыз адабиятына ушундай теманы, ушундай мазмунду биринчилерден болуп киргизүү озуйпсы Ж.Садыковдун калемине таандык. Ал эми Э.Ибраев менен С.Эралиевдин ырлары Ж.Садыковдун ырын чыгармачылык менен өздөштүрүп, толуктаган, байыткан десек болот.

Биз акындын махабат лирикасын талдоодо, логикалык ой жүгүртүүлөрү бай, таасирдүү лирикалык каарманды көз алдыга келтирип, андан ниети наристедей таза ак сүйүүсүн, сырдаштык мамилесин чаң жугузбай аруу сактай алган, бийик сезимдер менен сүйө билгвн, өзү да ошондой сүйүүгө арзыган, рухий саламатчылыгы таза, кен жүрөк бир гумандуу адамдын образын көрөбүз.

Дегинкиси, Ж.Садыковдун махабат лирикаларында сүйдүм-күйдүм, жетпедим деген сыяктуу оштонуу, жасалма бойоктор жок. Анткени менен адамдын жан дүйнөсүндөгү түйшүк абалдары, сезим менен акылдын, азап менен жыргалдын бүтпөс күрөштөрү бар. Махабат саптары ар убак жөнөкөй, табигый түрдө жаралып, көркөм.

Ж.Садыковдун поэзиясындагы көп иштелген темалардын дагы бири

[1] Ибраев Э. Мөмөлүү дарак. - Ф., 1985. - 35-б.
[2] Эралиев С. Тандамалар. II. - Ф.: Адабият, 1991. - 30-б.

табият көрүнүшүн, пейзажды сүрөттөө болуп саналат. Акын кыргыз жеринин табиятынын сулуу көрүнүшүн сүрөттөгөндо алардын өзгөчө касиеттерин көрө билип, өзгөчө боектор менен элестете алгандыгын баамдадык, андан табият кубулушунун мүнөздүү көрүнүштөрүн кыймыл-аракеттеги кубулуштардын оңой кармалбас элестерин туюмдуу, өтө устаттык менен сезимге жугумдуу бере алганын көрдүк. Буга акындын жай айынын көрүнүштөрүн элестеткен бир эле ырын окуп көрүү жетиштүү.

Атырдай жыты буркурап,
Ар түркүн гүлдөр кулпунат.
Оюнга шоотуп салкын жел,
Ойготот беттен чымчылап.

Магдырап жаткан көпөлөк,
Уйку-соо канат көтөрөт.
Тил менен таңды сүрөттөп,
Торгойлор учат коколоп.[1]

деп акын жаратылыштын көркөм, жандуу, кыймылдуу сүрөтүн көз алдына тартат. Сүрөткер деталдаштырып, майдалап, сезимге жеткире сүрөттөп берет. Ж.Садыков кыргыз поэзиясынын нускалуу салттарын андан ары улантуу менен чектелбей, аны терендетип, байытып, чеберчилик жагынан жаны бийиктикке көтөргөн. Ошондой эле, пейзаждык лирикасынын мыкты жетишкендиги, жаратылыштын колго кармалбас ажайып кереметин адамдын ар кыл маанайына, психологиялык жактан таасир эткен абалдарына чебер жуурулуштурганына күбө болдук жана далилдөөгө аракеттендик.

Башка акындардай эле Ж.Садыковдун ыр жазууда бардык тематикада иштегени байкалып турат. Бирок, акындын[1] чыныгы жүзү граждандык тематикага байланыштуу жазылган ырларында көбүрөөк ачылгандай, ошол аркылуу акындын индивидуалдуулугу, жаңычылдыгы көбүрөөк көрүнгөндөй сезилет.

Ата-Журттун ыйыктыгын даңазалабаган, алардын алдында ар бир адамдын өмүр бою карыздар экендигин, мекенге болгон сүйүүнү ырдабаган бир дагы акын болбосо керек. Поэзиядагы бул түбөлүк темага Ж.Садыков да көп кайрылган. Тууган жер - акындын кастарлаган поэтикалык ар-намысы. Мейли балалык кезин эстейби, же өмүр, сүйүү жөнүндө жазабы, мейли, көлдүн көркүн ырдайбы, акындын поэтикалык изденүүлөрүнүн түйүндүү борборун туулган жер ээлейт. "Менин ынагым", "Тууган жерге өтүнүч", "Мен сүйөм", "Эреркөө", "Тоонун таны",

[1] Садыков Ж. Тоонун таны. Тандалмалар. - Б.: Адабият, 1982. - 55-б.

"Арноо", "Жер жана мүнөз", "Этюд", "Жайкы таңда", ж.б. ушул сыяктуу бир катар ырларында акын граждандык лириканын жогорку деңгээлине жеткен мыкты үлгүлөрүн жарата алган.

"Дүнүйө", "Көкөй кести", "Сынган бугу",
Ар бири эл кайгысы, элдин муңу.
Анда бар талаш-тартыш, кепке жыгуу,
Анда бар баа жетпеген эрдин куну[1],-

Улуу сынчы В.Г.Белинскийдин ою боюнча позиянын мазмунун айтууга да болбойт, поэзияны жүрөк менен гана сезүү керек. Бул толугу менен Ж.Садыковдун поэзиясына тиешелүү. "Насыйкат", "Дүнүйө", "Ибарат", "Сынган бугу" өндүү классикалык күүлөрдүн устаттары Ыбырай, Карамолдо, ошондой эле улуу "Манас" жомогу жана манасчылардын эң соңку алпы Саякбайдын образы элди терең сүйүүнүн өзүнчө бир өзөктүү көрүнүштөрү катары акындын ырларынын мазмунун түзгөн.

Ошондой эле Ж.Садыков кийинки жылдарда, тактап айтканда, кайра куруу, ачык айтуу мезгилинен кийинки өзгөчө, элибиздин эгемендүүлүккө ээ болгон учурундагы турмуш чындыгын чагылдырууда өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтүп заман темасын мазмун жактан да, форма жактан да кыйла байытып терендетти.

Заман темасы учурдун актуалдуу, эң күчтүү темасы болгондуктан, аны жаңыча ой жүгүртүп, көркөм элестетүнүн натыйжасында гана ачып берүүгө болорун жакшы түшүнгөн акын бул багытта бир кыйла жигердүү иштей алды. Калемгердин аталган темадагы ырларына газеталарга жарыяланган "Ач бөрүнүн арманы", "Жан күйгөндө айткан сөз", "Түз сөздү түз айтуучу учур келди", "Ойгонгула кеч эмес", "Китептердин ыйы", ж.б. ырларын атасак болот. Бул чыгармаларында акындын кыргыз элинин социализмден капитализмге өткөн учурдагы социалдык турмушунун чындыгын эч жымсалдабай болгонун болгондой реалдуу чагылдыргандыгын көрөбүз. Ж.Садыковдун "Ой чабыт" деген ырын окуп көрөлү:

Замана камчы үстүнө камчы чаба,
Ал камчы ачуу тийди азыр мага.
Андыктан жүрөк эзген көп нерсени,
Айтпасам болбой калды чымыркана.[2]

Бул саптарда көрүнүп тургандай, сезимтал акын жазбай коюуга мүмкүн болбой калган абалдан улам заман темасына кайрылууга мажбур болуп жаткандыгын ачык билдирген... Замананын ачуу камчысы тийген акын эми өз мезгилинин терс көрүнүштөрүн, кыйналган эл турмушу

[1] Садыков Ж. Кайруулар. Топ жылдыздар - Ф.: Кыргызстан, 1973. - 153-б.
[2] Садыков Ж. Ой чабыт // Кыргыз туусу. - 1996. - 24-сент.

жөнүндө жазууга бел байлап чындыкты сүрөттөө жүрөк оору менен барабар экенин да жашырбай ачык айтат.

Табиятынан чындыкты гана туу туткан акыныбыз турмушубуздун улам төмөндөп баратканын кайдыгер карап чыдай албайт, ачуу чындыкты эч жаап-жашырбай тайманбай ырга салат.

Эсимде, кандуу согуш бүтөөр замат,
Арзандап ар жыл сайын кийим, тамак,
Жатчу элек баарыбыз тең очор-бачар,
Жыргалдан дагы жыргал күндү самап[1] -

деп акын совет мезгилинин турмуш чындыгын бүгүнкү заманага салыштырат жана өткөн заманга болгон жылуу сезимин ачык эле билдирет, социалдык жактан жетишкен тенчилик заман өтүп кеткенине болгон акындын өкүнүчү, заары ачык эле сезилет.

"Өткөөл мезгилдин" элдин тумушуна тийгизген терс таасирин баяндап келип, мындай жыйынтыкка келет.

Көпчүлүк жетимиш жыл жыйгандарды,
Шумпайлар бөлдү дагы ээлеп алды.
Кайрадан дал илгерки заман келип,
Барысын "бай", "кедейге" бөлүп садды.[2]

Так жана жеткиликтүү айтылган бул саптарда турмуш чындыгы мазмундуу жана таамай элестетилген. Автордун "Ойгонгула кеч эмес" деген ырында жогорку ойлор андан ары улантылып, терендетилет. Ыр публициситикалык маанайда жазылган, мында акын өз доору, мезгили жөнүндөгү ой толгоолорун кеңири баяндап, коом алмашкандан кийинки кыргыз турмушунун чындыгын сүрөттөгөн.

Колхоз, совхоз тарап, миллиондогон малдардын жеке менчикке өтүп жок болушу, тоолордун, жайыттардын каңгып ээн калышы, айтор, кыргыз элинин "өткөөл" заманда туш болгон тагдырынын аянычтуу картиналары көз алдыга даана тартылып, төмөндөгүдөй сүрөтгөөлөрдө айкындалып жүрүп олтурат.

Улуу тоого кез-кезек,
Мал жайганды эстесек.
Көөдөнүбүз ачышып,
Көздөн ысык жаш кетет.
Байлар алып үлүшүн,
Көрчү карс-карс күлүшүн.
А кедейлер кор болду,
Нан табалбай бир үзүм.[3]

[1] Садыков. Ж. Ой чабыт // Кыргыз туусу. - 1996. - 24-сент.
[2] Ошондо.
[3] Садыков. Ж. Ойгонгула кеч эмес // Кырг. маданияты. - 1997. - 6-нояб.

Ошондой эле бул ырда совет доорунда 73 жыл бою эмгек менен, чоң мээнет менен куралган байлыктын "бир ууч" гана шылуундардын талап тоноп кетиши тууралуу көйгөйлүү ойлорун ортого салат.

Карапайым калктын жашоо-турмушу жакырданып, ири-ири ишканалар, заводдор таратылыш, эл мүлкү бүтүндөй тонолгону айтылат.

Кийинки саптарда коом ичиндеги социалдык теңсиздик "жаңы байлардын" жоругу сүрөттөлгөн.

Депутаттын көбүнүн.
Көрдүк далай былыгын.
Шайлаптырбыз жегичин,
Шайлаптырбыз шылуунун.[1]

Өлкөбүздө оор акыбал түзүлгөндүктөн улам бул маселени Ж.Садыков көркөм ойлоонун объектисине айландыруу менен чындыкты таамай элестетип берет.

Ундун жетпей кебеги,
Жүдөп калды эл эми.
Азык алаар акча жок,
Жумушсуздук себеби[2],

Экономикалык абалыбыз канчалык начарлаган сайын кылмыш иштеринин бардык түрүнүн ошончолук күч алып жатышы жана кыйын турмуштан улам өзүн камсыз кыла албаган, кедейчиликке белчесинен баткан калктын кейиштүү абалы таасын сүрөттөлөт. Ырды андан ары окуганыбызда базар экономикасы карапайым калкты топ-тобу менен базарга айдап киргендиги тууралуу айтылат. Чынында эле, ири-ири ишканалар, мекемелер жабылганы жумушсуздук күч алып, элдин көпчүлүгү базар менен жан багууда. Ал эми үй-бүлөсүн, үй-жайын бүтүндөй таштап коюп Россиянын шаарларында соода кылгандар канча. Мындай начар көрүнүштөр уланып отурса өлкөбүзгө жакшылык алып келбесин катуу эскертүү менен автор ырын мындайча жыйынтыктайт:

Ойлон калкым, кеч эмес!
Биз караңгы кез эмес!
Көздүү турсак болбойт го,
Сокур өңдүү жетелеш!
Ойлонгула кеч эмес!
Ойгонгула, кеч эмес![3]

Акындын заман темасындагы ырларында учурдун зээн кейиткен маселелери бардык тарабынан камтылып терең жана мазмундуу иштелген,

[1] Садыков Ж. Ойгонгула кеч эмес // Кырг. маданияты. - 1997. - 6-нояб.
[2] Ошондо.
[3] Ошондо.

ошентип учур талап кылган эң актуалдуу темадагы чыгармалар жаралган.

Автордун заман темасындагы ырларынан - акындын бүткүл поэтикалык натурасы даана көрүнөт, бул чыгармаларында өзүн эркин сезет, айтайын деген жүрөк оорусун эч кыйналбай шарт, тайманбай ачык айтат. Ошондуктан акындын бул багыттагы ырлары поэтикалык ички структурасы, көркөм формасы жагынан да табийгый касиеттерге ээ.

Иште заман темасынан тышкары Ж.Садыковдун граждандык тематикадагы бир катар лирикасы талдоого алынды. Ошондой эле бул ырларда калемгер кээде мурда иштелген темаларга кайрылганы менен, аларды жаңы мазмун, жаңы ой жүгүртүүлөр жаңы көркөм табылгалар менен байыткандыгы жөнүндө сөз болду.

Бул бөлүмдө Ж.Садыковдун эпикалык поэиядагы изденүүлөрү жөнүндө да азыноолак талдоолор берилди.

Акын зор эргүү менен жемиштүү иштеген поэмаларында да профессионал поэзиябызга белгилүү өлчөмдө өз салымын кошуу менен бирге, индивидуалдуу көркөм ойлоонун жакшы үлгүлөрүн жараткан. Анын калеминен "Каргашалуу көпүрө", "Соңку керээз", "Сагыныч", "Калча", "Кездешүү", "Аккан суу", "Унутулгус обондор", "Саякбай", "Жер кереметти" поэмалары жазылды.

Согуш мезгилин чагылдырып жаткан кыргыз поэмаларынын ичинен Ж.Садыковдун "Калча" поэмасы бөтөнчө орунду ээлейт. Калчанын образы кыргыз адабияты үчүн жаңылык эле, анткени согуш мезгилине арналып жазылган чыгармалардан айырмаланып, негизги көңүл окуялардын тизмегине эмес, адамдын ички мүнөзүн ачууга көбүрөөк көңүл бурулат. Калчанын мүнөзүнүн улам өзгөрүшү, согушка баргандан кийинки түшүнүгүнүн калыптанышы согуштун таламдарын бара-бара аң-сезимдүү кабыл алууга жетишип, эрдик көрсөтүүгө чейин өсүп жетилгендиги табигый процесс катары көрсөтүлөт. Акындын "Унутулгус обондор" (1971) поэмасы да автордун чыгармачыл ыгында маанилүү орунду ээлейт. Автор поэмада атактуу обончу, ырчы Боогачыга байланыштуу тарыхый окуяны зор чеберчилик менен ынанымдуу сүрөттөөгө жетишкен. Ал мезгилдерде Боогачынын ысмын атоого жол берилбей жаткан учурда батынып чыгарма жазуу чоң эрдикке тете аракет болчу. Негизинен, поэма кыргыз элинин чыныгы таланттуу уулунун көркөм образын түзүүдө өзүнчө ийгиликке жетишүү менен, мезгилдер өтсө да өзүнүн көркөм дөөлөттүк кудуретин жоготпой турган чыгарма катарында кыргыз поэзиясында кала берерине ишеним бар.

Ж.Садыковдун поэмаларынын ичинен "Саякбай" поэмасы өзгөчө орунда экендигин айтууга тийишпиз. Аталган поэмада акын өзү күбө болгон эпизоддорду сүрөттөө менен алп манасчынын образын ачып берүүгө аракеттенет. Башкача айтканда, Саякбайдын образы аркылуу

кыргыз элине гана таандык манасчылык онордүн көз менен көрмөйүн угуп элестете алгыс талант чеберчилигин, улуу эпосту жан дүйнөгө сактаган шык-кудурет менен айкаша берилген пендечилигин айкалыштырып, аны турмуш жашоонун чегинде ачып берүүгө умтулат. Ошол себептен поэмада Саякбай бир карасан залкар таланттын ээси, экинчи тарабынан карасаң эч кимден анча бөлүно бербеген кадимки эле пенде катары көрүнөт. Саякбайдын "Манасты" айткан мезгилде, бирде ыйлап, бирде шаттанып, бирде көлдөй бууракандап, ашып-ташып турган абалын таасын сүрөттөө менен акын анын айткан "Манас" эпосун терең мазмуну аркылуу кыргыз элинин байыркы тарыхын ачууга да маани берет. Поэмада башкы каармандын бүтүндөй дүйнө таанымын табияттын кубулуштарын элестетүү аркылуу ачып берүүгө бөтөнчө аракеттенгенин чыгармадагы ар бир саптан баамдоого болот.

Билгенге Саякбайдын, көлдүн дагы,
Көп эле бир-бирине окшош жагы.
Өзгөчө, Көл толкундап, Сакем болсо,
Күрпүлдөп Манас айтып жаткан чагы.[1]

Чынында да акын алп манасчынын турган турпатына өзгөчө басым коюу аркылуу көркөм дүйнөсүнүн бийиктигин, көлдөй терендигин, көп сырдуулугун, акыл менен өлчөп бычылбаган касиеттүүлүгүн чебер түзүүгө жетишкен.

Чыныгы таланттын ички кудуретинин жөнөкөйлүгүн, өзүн дайыма карапайым кармаган пендечилигин, эли үчүн кылымдап жашай турган эмгек калтырса да, ага манчыркабагандыгын, бийик адамгерчилигин бул поэмадан ким болсо да түшүнө алат.

Быйыл да көл жээгинде көпкө жүрүп,
Сакемдин эске түштү сөздөрү бүт.
Эриксиз көз чаптырам айланама,
Эмнелер калды экен деп өзгөрүлүп.

Тоо турат булуттарды бөктөрүнүп,
Күн турат мурдагыдай көктө күлүп.
Бир гана кең Ысык-Көл Сакем жоктон,
Калыптыр калыбынан өзгөрүлүп.[2]

Поэмада автор берүүгө аракеттенген ойлор, чыгарманын негизги лейтмотиви пафосу мына ушул саптарда тургандай көрүнөт. Мындагы сөздүн күчү, поэзиянын касиети жөнөкөй, жалпыга түшүнүктүү сөздөр менен берилген элестүүлүктө турат. Ж.Садыков поэмада негизги максат катары койгон алп манасчынын көлдөй терендиктен, бийиктиктен бүткөн

[1] Садыков Ж. Туулган жер. - Ф.: Кыргызстан, 1979. - 56-б.
[2] Ошондо.

портретин, поэтикалык элесин кайра жаратууга жетишти десек болот.

**Экинчи глава** "Ж.Садыков - чебер драматург" деп аталат. Адегенде эле алды менен акын, драматурдун эң алгачкы драмалары, тактап айтканда "Эми эмне болот", "Табышкандар", "Тайгак жол" сыяктуу драмалары таддоого алынды.

Алгачкы драмаларында, иликтеө көрсөткондей, жаш драматургдун өзонүн темасын табууга, жеке өзүне таандык жазуу манерасын, почеркин көрсотүүгө, образды жаратууга, турмуш чындыгын реаддуу сүрөттөөгө жөндөмдүү экендиги ачык эле байкалып турат

Ал эми элдик эпостук мотивдердин Ж.Садыковдун драмалык чыгармаларынан орун алышын иликтөө маселеси иштин өзүнчө бөлүмчөсүндө каралды. Автордун куурчак театрына сиңирген эмгеги бир топ, ал куурчак театрына (балдарга арнап) бир нече пъесаларды жазган. Алсак, "Эр Төштүк", "Толубай сынчы", "Жаңыл Мырза", "Азамат", "Ач көз жана боорукер" ж.б. Драматург фольклордук, же эпостук мотивдерге кайрылганда аларды анча-мынча өзгөртүү менен эле пайдалана коюу принцибинен оолак болуп кайталоо менен чектелген эмес. Фольклордук мотивдерге өзүнүн орчундуу кошумчаларын кошуп аны ар тараптан байытып терендетүүге аракет кылган. Ж Садыков элдик эпосторду, уламыштарды драматургияда иштөөдө реалдуу турмушка жакындатып, өз мезгилинин, коомунун актуалдуу проблемаларына байланыштырып, жаш өспүрүмдөрдү патриоттуулукка, адамгерчиликке терс вдамдар менен элдешпөө сыяктуу идеяларга тарбиялоо максатын алдыга коюп иштеген.

Куурчак театрына эпостук мотивдердеги драмалык чыгармаларды жазып сахналаштыруу аракети менен Ж.Садыковдун өзгөчө чыйыр салып, кыргыз драматургиясын жаңы тепкичке көтөрүүгө аракет кылганын айрыкча баса белгилөөгө болот.

Эпостук чыгармалар Ж.Садыков тарабынан жазма профессионал адабиятта кайра жаралып, идеялык-тематикалык көркөмдүгү жагынан терең чыгармалар катарында өз алдынча үн кошо алды. Жогоруда аталган эпостук мотивдерди драмалык чыгармаларга айландыруу тажрыйбасы боюнча бир кыйла такшалган аракеттерден кийин Ж.Садыков кыргыз элииин эң залкар эпосу болгон "Манас" үчилтигине кайрылууга, аны сахнага алып чыгуу максатын ишке ашырууга бел байлаган.

Ж.Садыков "Манас" үчилтигинин негизинде "Айкөл Манас", "Манастын уулу Семетей", "Сейтек" драмаларын жаратуу менен өткөн тарыхтын бүгүнкү күн менен бир бүтүндүгүн көрүүчүлөргө туйдуруп, аталган драмалары улуттук драматургиянын жүгүн көтөргөн чыгармаларга айланды.

Автор адегенде Манастын сахнадагы образын түзүүгө жүрөксүнбөйт.

Улуу эпоско канчалык чоң жоопкерчилик менен мамиле кылганын ушундан эле байкоого болот.

Алгач Семетейдин образын иштеп, анан Сейтектин образын жаратып көрүп, элге-журтка жеткенден кийин гана Манаска киришкен. Ушундай даярдыктардан кийин гана автор "Айкол Манас" драмасын жазган. Аталган пьеса дагы зор ийгилик менен коюлуп, дароо эле элдин сүйменчүлүгүнө ээ болгон.

Калемгер образдарды конкреттештирип, өзүнүн алымча кошумчаларын сахнага ылайыкташтырып киргизип, реалдуу турмушка жакындаштырып, туура жолду таба алган. Бир эле мисалды келтирели: Манастын өлүмүн сүрөттөгөн эпизодко драматург өзүнүн кошумчасын киргизгенин байкоого болот. Бүкүр (Шуйкучу) Манаска байланыштуу "жашыруун сырды" Коңурбайга жеткирет. Бүкүр Манастын ордосунда жүрүп Чыйырдынын сөзүн тыңшап уккандыгы көрсөтүлөт. Манас төрөлгөндө энеси Чыйырды мүрөктүн суусуна киринткенин, эки далысынын асты кургак калганын, ошол эки далынын асты гана болбосо, калган денеси бардык кырсыктарга туруштук берерин айтат. Ажыбайдын уктап кеткенинен пайдаланып, Коңурбай далыга, талылуу жерге найза саят. Ал эми эпосто Манастын жарадар болушу башкача көрсөтүлөт. Шуйкучу Манаска ашпозчу болуп жүргөн. Ал кытай Манастын жаткан турганын, эмне кылганын бүт катка салып жүрүп, кыргыздардын башкы баатырын эртен менен ич кийимчен, чепкенин желбегей жамынып даарат алып, мунарага чыгып, асан чакырган учурунда гана олтүрүүгө боло турганын Коңурбайга билдирет. Коңурбай аңдып жүрүп жоо кийимсиз, бейкапар асан чакырууга камданып жаткан Манасты аркасынан келип атайы жасалган айбалта менен шилиге чапканы сүрөттөлөт. Драмада да баатырдык намысын бийик туткан Манас душманынын айла-амалына, куулук-шумдугуна кайдыгер караганынан өлүмгө дуушар болот. Демек, эпостук сюжетке өзүнүн орундуу кошумчаларын киргизүүгө аракеттенет. Эпостогу турмуштук окуялар, реалисттиц ой-жүгүртүүлор Ж.Садыковдун драмаларынын өзөгүн түзүп, сюжеттик курулушуна негиз болгон.

Мындай алымча-кошумчаларды Ж.Садыковдун "Манас" үчилтик драмаларынан көп эле келтирүүгө болот, бирок алардын баарын авторефератта сөз кылуу мүмкүн эмес. Окумуштуу К.Артыкбаев белгилегендей, Ж.Садыковдун калемининин күчү менен "Манас" үчилтиги сахнада уланта турган экинчи өмүрүн жашоого өттү. Ошондой эле эпостук мотивдер боюнча жазган драмалалык чыгармаларынын өзгөчөлүгүн драматургдун калемдештери туура баамдаганын көрөбүз. Ошондуктан үчилтиктин авторун азыркы замандын манасчысы деп

бекеринен айтышпаган болуу керек.[1]

Аталган драмаларда батырдык салттын орун алышы, байыртадан езүнүн мамлекеттүүлүгүнө ээ болуп жашап келген кыргыз элинин улуттук ар-намысында калыптанып, синтезделе иштелип, көркөм сез маданияты аркылуу урпактарга жеткирип турган патриотгуулук идеясы бүгүнкү кун үчүн актуалдуу жана мактоого арзыйт. Биз жогоруда эпикалык жанрда образ түзүп сахнага алып чыгууда Ж.Садыков өзгөчө чыйыр салып, кыргыз драматургиясын жаңы тепкичке алып чыкканын белгиледик.

Ушундай эле көп изденүү көп күч жумшоо менен жазылган чыгармаларынын катарына Ж.Садыковдун тарыхый инсандардын керкөм образдарын түзүү аракетиндеги драмалык чыгармаларын атап керсөтүүгө болот.

Чынында, драматург тарыхый инсан темасына 60-жылдары эле кайрылып, ал "Жукеев-Пудовкин", "Боз торгой" драмаларын жазган. Аталган драмалардагы жетишкен ийгиликтери жөнүндө учурунда эле басма сөздөрдө, театр сыны мейен адабий сынында да дурус бааланып, оң пикирлерге ээ болгон. Автордун "Жукеев-Пудовкин" драмасы 1963-жылы жазылып, 1964-жылы алгач ирет Нарын музыкалуу драма театрында сахналаштырылган. Ал эми аталган драма Фрунзеге 1966-жылы Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында коюлган. Чынында Ж.Садыков "Жукеев-Пудовкин" пьесасы кыргыз драматургиясынын тарыхында кыргыз элинен чыккан тунгуч революционердин образын биринчилерден болуп чагылдырууга аракеттенген. Ырас, кыргыз адабиятында бул темада К.Бектеновдун "Таабалды-Пудовкин" повести жарыяланган (1962). Анда Таабалдынын жалданма малайдан рёволюциялык йшмердүүлүгүнө чейин окуялар кеңири көркөм анализге алынат. Ж.Садыков сюжетке драматург катары мамиле кылат, башкача айтканда, өзүнүн пьесасында Таабалдынын революциячыл аң-сезиминин пайда болуп өнүгүшүндөгү эң урунттуу учураларды тандап алат. Мында К.Бектеновдун "Таабалды Пудовкин" повестинде айтылган көркөм чындыкты жана окуяларды драмада автор жаңыча кароого далалаттанат.

Ж.Садыковдун "Боз торгой" драмасы 1970-жылы жазылган. Аталган драма жанры боюнча тарыхый-биографиялык драма болуп саналат. Пьесада демократ акын Тоголок Молдонун турмуш жолунан алынган окуялары камтылат.

Көп жыл мурда баштаган тарыхый инсандарын образдарын түзүү аракетин Ж.Садыков кийин XX кылымдын аяк ченинде 90-жылдардын аралыгында кайрадан күч алдырып, бул багытта аябагандай жемиштүү

[1] Мелис Абакиров. Жалил Садыковдун 70 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференцияда жасаган доклады.

иштеди. Акындын кийимки мезгилдерае театрда ийгиликтүү коюлуп келаткан "Ак Мөөр", "Өмүр жана өкүнүч", "Ормон хан" (2001) драмалары буга мисал. Драматургдун "Ак Мөөр" пьесасы, 1985 жылы жазылган. Мурдатан белгилүү болгондой, Жумгалдан чыккан атактуу Ак Мөөр сулуунун образы акын жазуучуларыбыздын чыгармаларында кандайдыр бир денгээлде чагылдырылып келгенин билебиз. 1959-жылы жарык көргөн С.Эралиевдин "Ак Мөөр" поэмасы бүгүнкү кыргыз поэзиясынын классикалык чыгармасына айланып калды. Профессионал адабияттта С.Эралиевге чейин бул темага А.Осмонов кайрылган. Ошондой эле "Ак Мөөр" аттуу телефильм тартылганы да белгилүү. А.Осмоновдун пьесасында негизинен көркөм сюжет түзүү маселеси мыкты иштелип, чыгарманын аягына тарыхый чындыкка каршы келген финал киргизилип кеткен. Ал эми "Ак Мөөр" көркөм телефильмдин сценарийинин сюжети толук бойдон А.Осмоновдун пьесасынан алынганы байкалат. Ошондой эле телефильмде окуя мифтик финал менен аяктап, көрүүчүнү анча ынандыра бербеген тыянак менен бүткөн. Ал эми Ж.Садыковдун "Ак Мөөр" драмасы белгилүү сюжеттин негизинде жазылганына карабастан, өзүнүн чыйрак иштелгендиги менен өзгөчөлөнүп турат, же тагыраак айтканда окуяларды тарыхый кырдаалга ылайыкташтырып, реалдуу турмуш чындыгына жакындаштырып жазылгандыгын байкоого болот. Драматургдун "Өмүр жана өкүнүч" (1989) жана "Ормон хан" (2001) пьесалары өзгөчо сөз кылууга арзыйт. Аталган эки драма тең кыргыз элинин 19-кылымдагы коомдук турмушуна өзгөчө из калтырган көрүнүктүү роль ойногон тарыхый инсандарга арналган. "Ормон хан" драмасында сарбагыш уруусунун манабы Ормондун тарыхый иш аракеттери сүрөттөлсө,"Өмүр жана өкүнүч" драмасында кыргыздардын Россияга каратылышы жана Шабдан баатырдын ролу жөнүндөгү чындык чагылдырылган. Аталган драмалар да мурдагы драмалардай эле ыр түрүндө жазылган. Ж.Садыковго чейин К.Тыныстанов өзүнүн 1932-жылы жазган "Көз коргандөр" аттуу пьсасында Шабдандын образын элестетүүгө аракеттенген.

К.Тыныстановдун бул драмасы 1991-жылы жарыяланган анын "Адабий чыгармалар" деген китебине киргизилген. Аталган чыгармада Шабдандын толук өмүрү камтылбайт, анда Шабдан орустардын колтугуна кирип алып кыргыздарды эзген бийликтеги адам катары бир беткей көрсөтүлот. Ал эми Ж.Садыковдун "Өмүр жана өкүнүч" драмасы Шабдан Жантай уулунун басып өткөн жолуна коомдук-саясий ишмердүүлүгүнө, адамгерчилик сапаттарын тарыхый жүзүнүн чындыгын ачууга арналган.

Драматургдун "Ормон хан" драмасы 2001-жылы (апрель айында)

Кыргыз академиялык драма театрына коюлган. XIX кылымдагы түндүк кыргыздардын коомдук-саясий турмушунда өзгөчө роль ойногон сарбагыш уруусунун манабы Ормон жөнүндө көптөгөн тарыхый фактылар да, уламыш легендалар да айтылып, жазылып келгени белгилүү. Жазуучу К.Осмоналиевдин "Көчмөндөр кагылышы" романында аз болсо да Ормондун образын элестетүү аракети иштелгендигин билебиз. Ал Эми Ж.Токтоналиевдин "Хан Ормон" романы 2001-жылы (28-июнда) басмадан чыккан.

Ормон хандын образын көркөм адабиятта алгач, К.Осмоналиевдин романын эске албаганда Ж.Садыковдун драмасында Ормондун тарыхый жана инсандык портрети бир топ толук чагылдырылган.

Ж.Садыков пьесасында Ормон туралуу белгилүү маалыматтардын баарына токтолбостон, анын өмүр баянын баштан аяк сүрөттөбөстөн, белгилүү мезгилдеги гана тарыхый чындыкты мазмундук өзөк кылып алган. Тагыраак айтканда, XIX кылымда кыргыз тарыхына өзгөчө из калтырган казак султандары Кененсары менен Ноорузбайдын кыргыздарды чаап алмак болгондугу жөнүндөгү окуя драманын негизги мазмунун түзөт.

Баса белгилей кетүүчү нерсе - тарыхый инсандардын көркөм образдарын түзүү жагынан Ж.Садыков алдына эч бир драматургду сала элек, бул жагынан ал классикалык үлгүнү көрсөттү. Тарыхый драмаларда Ж.Садыковдун калемине таандык стиль да даана байкалат. Драмалык конфликттердин курчтугу каармандардын образдарынын көркөм иштелиши, драмада баштан-аяк негизги идеянын чынжыр улап кайталанып турушу, драмалардын ыр түрүндө жазылгандыгы автордун чыгармачылыгына таандык өзгөчөлүк экендигин далилдейт. Драматургдун кепчүлүк эпикалык жана тарыхый драмаларында Ата-Журтту сүйүү, коргоо, эркиндик, азаттык үчүн күрөшүү идеясы бир-бирине үндөшүп, улам терендеп, байып отурганын байкасак болот.

Ошентип, бул диссертациялык иште эл акыны Ж.Садыковдун жалпы чыгармачылыгы илимий анализге алынды.

Биринчи главада Ж.Садыковдун поэзиясы таддоого алынып, авторго мүнөздүү айрым идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктер белгиленди. Андагы граждандык тематикага арналган ырлары индивидуаддуу көркем касиетке ээ экендиги конкреттүү чыгармаларга талдоо жүргүзүү аркылуу аныктадды. Бул главада алгачкы жолу акындын поэмаларына илимий-теориялык баа берүү аракети болду.

Экинчи главада Ж.Садыковдун драмалык чыгармалары иликтенип, анда сүрөткердин драмаларынын жанрдык табияты, көркөмдүк касиети, диалог түзүү чеберчилиги ж.б. талдоо жүргүзүлдү, өзгөчө аларды жазып сахналаштыруу аракети менен Ж.Садыков кыргыз драматургиясында өз

жүзүн таап, ал аркылуу кыргыз драматургиясын жаңы тепкичке көтерүүгө өз салымын кошкону далилдөөгө карата аракеттер болду. Ошондой эле Ж.Садыковдун драмалык чыгармаларында тарыхый инеандардын көрком образдарын жаратуудагы чеберчилиги да илимий теориялык анализден етту.

Биз бул диссертациялык иш менен Ж.Садыковдун чыгармачылыгына белгилүү өлчөмдө илимий анализ бердик. Бул багытта келечекте дагы көптөгөн иликтөөлөр жүргүзүлүп, талдоолор болору анык, ал эми бул эмгек изилдөөлордүн алгачкы бащталмаларынын бири гана болуп эсептелет.

## Диссертациянын негазга мазмуну жарыяланган төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:

1. Махабат темасы Жалил Садыковдун лирикаларында. Жыйнакта: Кыргыз илиминин башаты. Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясы. - Б., 1999. - 130-135-б.

2. Жалил Садыковдун пейзаж лирикасынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө // Вестник КГНУ, Вып. 2. - 1999. - 174-181-б.

3. Ж.Садыковдун "Аккан суу" поэмасынын көркөм философиясы, көторгөн жүгү // Вестник КГНУ, Вып. 4. - 2001. - 137-141-б.

4. Жалил Садыковдун алгачкы драмаларынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү // Вестник КНУ, Вып. 3-4. - 2002. -176-178-б.

5. Заман темасы Ж.Садыковдун поэзиясында // Труды Института Целевой подготовки специалистов. Цып. 3. - Бишкек, 2002. - 179-187-б.

6. Жалил Садыковдун "Ак Мөөр" драмасына адабий талдоо. Жыйнакта: Бектурсун Алымов. Жусуп Баласагын атын. КУУ. - Б., 2003. -375-384-б.

7. Ж.Садыковдун тарыхый поэмалары // Труды Институга целевой подготовки специалистов. Вып. VII. Бишкек. - 2003. - 215-227-б.

8. Ж.Садыковдун "Өмүр жана өкүнүч" драмасына адабий талдоо. Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1. Гуманитардык илимдер. - Чыг. 4. Филология. Адабият таануу. - Б.: КУУ, 2004. 150-б.

## Ж.Бейшееванын "Жалил Садыковдун чыгармачылык изденүүлөрү" аттуу кандидаттык диссертациясынын аннотациясы

Диссертация эл акыны Ж.Садыковдун чыгармачыл өнөрканасына арналат жана анда акындын поэзиясы, ошондой эле драмалык чыгармалары илимий анализге алынат.

Биринчи главада Ж.Садыковдун поэзиясы талдоого алынып авторго мүнөздүү айрым идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөр белгиленди. Акындын граждандык тематикалык ырлары индивидуалдуу көркөм касиетке ээ экендиги конкреттүү чыгармаларга талдоо жүргүзүү аркылуу аныкталды, акындын өнөрканасына таандык жаңычылдык дал ушул граждандык поэзиядан көрүнүп турганын баса белгилөөгө болот. Ошондой эле, башка тематикадагы ырлары анализге алынды. Мында алгачкы жолу акындын поэмаларына илимий-теориялык баа берүү аракети болду. Автордун поэзиялык чыгармаларындагы индивидуализм, көркөм ойлоодогу сүрөткердик чеберчилиги белгилүү өлчөмдө өз баасын алды.

Экинчи главада Ж.Садыковдун драмалары иликтенип, анда сүрөткердин драмаларынын жанрдык табияты, көркөмдук касиети диалог түзүү чеберчилигине ж.б. таддоо жүргүзүдаү. Өзгөчө аларды жазып сахналаштыруу аракети менен Ж.Садыков кыргыз драматургиясында өз жүзүн таап, ал аркылуу кыргыз драматургиясын жаңы тепкичке көтөрүүгө өз салымын кошконун далиддөөгө карата аракеттер болду. Ошондой эле Ж.Садыковдун драмалык чыгармаларында тарыхый инсандардын көркөм образдарын жаратуудагы чеберчидиги да илимий теориялык анализден өттү.

Бул эмгекте, биринчи жолу Ж.Садыковдун жалпы чыгармачылыгы боюнча системалуу илимий иликтөөлөргө аракет жасалды.

# АННОТАЦИЯ
## кандидатской диссертации Ж.Бейшеевой на тему "'Творческие искания Ж.Садыкова"

Диссертация посвящена исследованию творческой лаборатории Ж.Садыкова, научному анализу его поэзии и драматургии.

В первой главе производится анализ поэзии Ж.Садыкова, выявляются характерные идейно-художественные особенности его поэтических произведений. Через анализ поэтики конкретных произведений определяются индивидуально-художественные свойства лирики Ж.Садыкова, посвященной гражданской тематике. Исследование устанавливает, что новаторство поэта особенно заметно в разработке гражданской тематики и это является одной из характерных особенностей его творческой лаборатории.

В диссертации анализируются также поэтические произведения Ж.Садыкова, посвященные другим темам. В работе впервые предпринимается попытка дать научно- теоретическую оценку крупным поэмам Ж.Садыкова, в которых отмечается наличие особого авторского подхода, новаторской индивидуальности и поэтического мастерства в реализации художественного замысла.

Во второй главе анализируются драматургические произведения Ж.Садыкова. Здесь устанавливается жанровая природа различных пьес Ж.Садыкова, анализируется их художественные достоинства и мастерство автора в построении диалога. В работе также прослежен процесс сценической реализации драматургических произведений автора, установлено их место в кыргызской драматургии, которое представляет собой продвижение на более высокую ступень развития. Кроме этого в данной главе произведен научно- теоретический анализ мастерства драматурга в художественном воплощении известных исторических персонажей.

В данной работе впервые делается попытка системного научного анализа всего творчества Ж.Садыкова.

# Annotation of J. Beisheeva's candidatic dissertation on the theme "J. Sadykov's creative researches"

The dissertation is devoted to research of creative laboratory of J.Sadykov, to scientific analyze of his poetry and playwriting.

In the first chapter analyse of J.Sadykov's verses is produced as well as characteristic ideal literary peculiarities of his poetic works. Though analyze of the concrete works, individual literary features of J. Sadykov's lyrics devoted to civil thematics are defined. The research states that the poet's innovation is particularly noticed in treating of civil thematics and it is one of the characteristic features of his creative laboratory.

In the dissertation also poetic works of J. Sadykov devoted to the other themes are analyzed. In the work for the first time a try to give scientific theoretical appreciation to J Sadykov's enormous verses in which a presence of particular approach of the author, individuality of innovation and poetic skill in realization of literary fiction are noticed.

In the second chapter playwriting works of J. Sadykov are analyzed. Here genre nature of J. Sadykov's different performances are set, and their literary value and author's skill in construction of dialogue are analyzed. Also the process of theatric realization of playwriting works of the author is stated as well as their place in Kyrgyz playwriting which presents move to a higher step of development. Apart from that in this chapter, scientific theoretical analyze of the play writer's skill in the literary incarnation of famous historical personages is produced.

In this work for the first time a try a regular scientific analyze of J. Sadykov's all creation is researched.